МЕДИЦИНАЛЫК ЭВФЕМИЗМДЕРДИ ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Ж.А. Дүйшеналиева
И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

Корутунду. Бул макалада медицинадагы эвфемизмдер каралды. Өз алдынча ишти уюштуруу, аны жетекчиликке алуу – бул ар бир окутуучунун жоопкерчиликтүү жана татаал иши.
Негизи сөздөр: эмоционалдык-психологиялык каражат, этикалык норма, контекст, көркөм сөздөр.

ОСОБЕННОСТИ В ОБУЧЕНИИ МЕДИЦИНСКИХ ЭВФЕМИЗМОВ

Ж.А. Дуйшеналиева
Кыргызская государственная медицинская академия имени И.К. Ахунбаева
г. Бишкек, Кыргызская Республика

Резюме. В этой статье представлены медицинские эвфемизмы. Организация самостоятельной работы – это ответственная деятельность для каждого преподавателя.
Ключевые слова: эмоционально-психологические средства, этическая норма, контекст, художественные слова.

FEATURE OF TEACHING OF MEDICAL EUPHEMISMS

J.A. Duishenalieva
I.K. Akhunbaev Kyrgyz State Medical Academy
Bishkek, the Kyrgyz Republic

Resume. In this article there are medical euphemisms. Self-study management is responsibility and activity of each teacher.
Key words: emotional and psyhological tools, etnical standards, context, artistic expression.

Тил пикир алышуу куралы катары адамзат коомунда гана мүнөздүү көп кырдуу кубулуш. Ошону менен бирге, ар түрдүү улуттардын өкүлдөру бири-бири менен байланыштырат, жакындаштырат. Өз ара мамилелерин чыңдоочу жана рухий нукура болуучу эмоционалдык-психологиялык каражат экендиги белгилүү. “Тил билсең, дил билесиң”, “Канча тил билсен, ошончо дил билесиң” – деген накыл кептер нечен кылымдарды карытып жашап келген турмуштук бай тажрыйбага эгедер акылман, нарктуу бабаларыбыздан калган. Эвфемизмдер элдин жашоо турмушу, ички маданияты менен тыгыз байланышта. Адамга орой, оор тие турган сөздөрдү жымсалдап туюндуруу – кыргыз элинин ички маданиятынын бир көрүнүшү.

Эвфемизмдин тарыхына көз жүгүртүп көрсөк, анын тээ алмустактан эле жаралганына күбө болобуз, б.а. ал – кылымдарды карытып келе жаткан кубулуш. Синонимдердин бир түрү-эвфемизим. Айтууга ыңгайсыз, оор тие турган, орой жана жагымсыз сөздөрдү башка сөздөр менен алмаштырып айтуу – эвфемизм деп аталат. *Мисалы*: өлдү-көз жумду, каза болду-оо дүйнөгө кетти, боюнда бар-кош бойлуу, кош кабат, ооруп калды-сыркоолоп калды, табы жок. Демек, эвфемизмдер коомдогу адамдардын жүрүш-турушунан, этикалык нормалардан, сылыктыктан улам жаралып, көпчүлүгү нукура эвфемизмдер катары адабий тилибизден орун алса, айрымдары контексттик, индивидуалдык синонимдер катары белгилүү бир көркөм чыгармада гана жашап калат.

Эвфемизм – көркөм сөз каражаттарынын бири. Тилде канчалык эвфемизмдер көп болсо, элдин ички маданияты ошончо жогору деп эсептелет. Бул жагынан алганда көркөм чыгармаларда кыргыз элине кеңири тараган эвфемизмдик сөздөр менен катар индивидуалдуу контексттик эвфемизмдер да кеңири колдонуларын белгилей кетүү абзел. Буга Ч. Айтматовдун Гүлсаратындагы Чоронун каза болгонун сүрөттөөдө колдонулган тилдин жана контексттик эвфемизмдер күбө болот: Чородон түбөлүк ажырадык, көзү өтүп кетти, атаңдан айрылдын, Чорону жоктоп ж.б. Ал эми А.Стамовдун чыгармаларында эми баары бүттү. Ташка тийген айпактай күм-жам болду. Баары жылас болду. Жаркынды кечээ жайына койдук. Албетте, өйдөдө келтирилген мисалдарда эле эвфемизмдер да синонимдер сыяктуу эле көркөм каражаттын бир булагы деген бүтүмгө келсе болот. Сөзүбүз далилдүү болуш үчүн элдик оозеки чыгармалардагы анын ичинде кыргыз

элинин энциклопедиясы болгон “Манас” эпосундагы ошондой эле башка көркөм чыгармалардан да көптөгөн эвфемизмдерди келтирсек болот.

Казы байлап бул өзү
Толгон экен иши да
Кытайдын алпы келбеген
Этегин эч ким ачпаган.

Эвфемизмдер көркөм чыгармаларда синонимдик түгөйлөр катары кеңири учурайт. Мындай эвфемизмдер жагымсыз көрүнүштүү белгилүү бир контекстте жымсалдап берүү менен эмоционалдык же образдуу маанилерди пайда кылат. Эвфемизмдер структуралык жактан сөз түрүндө да, фразеологизм түрүндө да учурайт жана алардын мааниси контекст аркылуу айкындалат. *Мисалы*: Ушинтип бул жолу да айта албадым. Бетин ачсам өзүнө да жакшы болбойт беле. Алимандын эти-башы ооруп калабы деп кадимшенип жүрдүм. Ч.Айтматов. Бул жерде автор пайдаланган фразеологизм тибиндеги бетин ачуу эти-башы ооруу (төрөп калабы?) деген эвфемизмдер мурдатан бири колдонулуп жүргөн сөз айкаштары болуп саналат. Муну менен катар авторлор тарабынан индивидуалдык (контексттик) эвфемизмдер да көп колдонулат. Мында жылмалоо, жумшартуу автордук синонимдик катары көбөйтөт. Мисалы: Жаман оору менен ооруп төшөктө жатып жан берди. Кээде орой, катуу айтып, адамдын көңүлүн сындырып албоо, адамды чоочутпоо далалаты адептүүлүктүн белгиси катары кыргыз элинде эчактан бери калыптангандыгына жана мындай традиция бүгүнкү күндө да улантылып өнүгүп жаткандыгына толук күбө боло алат. Бул жагынан алсак өлүмгө байланыштуу көптөгөн эвфемизмдер пайда болгондугун көрөбүз... Жер астына кетти, оо дүйнөгө сапар алды, төрөдү, көз жарды, рак, жаман оору, авария, кырсыктады, оорую, сыркоолоп, сыздоок, аты жок, чечек, улуу тумоо. Тергөө сөздөрдүн пайда болгон социалдык гноссиологиялык жана психологиялык себептерге өбөлгө түзгөн. Мурда сөз менен нерсенин ортосунда тикеден-тике табигый байланыш бар деген ишеним күчтүү болгондугу белгилүү. Ал эми бул ишеним сөздү ал белгиленген нерсенин бир бөлүгү катары кароого туура келген. Ушундан улам адамдар корккон, ыйык туткан нерселерди, кубулуштардын аттарын атап койсок, алардын каарына калабыз деп, чочулашып тергеп айтууга аргасыз болушкан. Мындай тергөөгө оорулардын аттары учураган. Мисалы: кызамык-кызыл, чечек-жанагы суу чечек-жанагынын беркиси. Тергөө элдин коомдук социалдык абалы менен тыгыз байланышта болот, ошондуктан ал көбүнчө оозеки чыгармаларда, эпостордо учурайт. Табу, эвфемизмдер сыяктуу синонимдик катарларды байытып, образдуулукту түзө албайт. Алар коркунучтуу же ыйык деген түшүнүк катары аяр мамиле жасоо мезгилине карайт же коркунуч өтүп кеткен учурга жараша пайдаланат.

Адамдын жаны жана кызыкчылык. Адамды адам кылган – адамдык денеси жана жаны. Биринчи денени, адам кайтыш болгондо жерге коёбуз. Экинчиси- жаны. Ошол жан менен дене кошулганда адам деп тушунөбүз. Жан сезим менен акылдан турат. Сезим-жүрөктө, акыл-башта. Биздин балдар азыр комузду уккусу, Калыгул, Арстанбекти окугусу жок. Биздин балдар бала бакчадан баштап европалык музыканы укса, орус тилинде ойлонсо, ошолордун каада- салтын үйрөнүп, мамилелерин өздөштүрсө, эне тилин жоготсо, кыргыздарда эмне калат? Ошентип, жаныбыз өзгөрүп жатат. Мээ менен жүрөктү бириктирген тил. Адам ойлонсо, сүйлөсө, кыйналса, ырдаса тил аркылуу ишке ашат. Ушундан улам ыймандан алсырап бара жаткандайбыз. “Мен каада-салттарды урдум! Мага дүйнө керек” дегендер ыйманын жеп коюшкан. Ар бир адам жеке кызыкчылыгын, коомдук кызыкчылыгынан төмөн коюшу зарыл. Жеке кызыкчылыкты улуттук кызыкчылыкка баш ийдирип, бириктирмейинче биз оңоло албайбыз.

Мисалы: 1) Боюнда бар аялдарга жана төрөткө байланыштуу эвфемизмдер; кыргызда “бооз”, “тууду” деген сөздөр малга да адамга да карата колдонулган. Азыркы учурда аял затына карата орой жана уят учурайт. Ошондуктан ал сөздүн ордуна боюнда бар, кош бойлуу, кош кабат, төрөдү, көз жарды, боюнан бошонду деген эвфемизмдер колдонулат. Ал эми төрөбөгөн аялдарга карата согончогу канабаган аял, бала үнүн укпаган аял деп жумшартып айтышкан.

Мисалы: Келинди алып келгенде төрөбөгөн аялдар жоолук салган эмес.

2) үй-бүлө турмушунда жана аялзатына тиешелүү эвфемизмдер. Кыргыздар “катын алды”, “эрге тийди” дегендин ордуна үйлөндү, баш кошту, ак жоолуктуу болду, жолдошу, зайыбы, келинчеги, күйөөсү деп ж.б. сөздөр колдонушат.

Мисалы: Сүйүнчү эже, Орокчу акемдин уулу үйлөндү.

3) Айрым айтууга мүмкүн болбогон сөздөрдүн ордуна колдонулган эвфемизмдер. Айрым бир түз айтууга мүмкүн болбогон түшүнүк, нерсе, кыймыл-аракеттин кыргыздарда өз ара болгон

сөздөрдү эвфемизмдер аркылуу гана берүүгө болот.

Мисалы: Көзүнө чөп салды, төшөгүн тепседи, ала жипти аттады, аягы суюк, жолдон чыгып кетти ж.б.

4) өлүмгө тиешелүү эвфемизмдер кыргыз элинде “өлдү” деген сөздү адамга тике айтууга өтө оор жана жагымсыз угулат. Ошондуктан, бул түшүнүктү көбүнчө: көз жумду, каза болду, көзү өттү, чарчап калды, дүйнөдөн өттү ж.б. эвфемизмдер аркылуу да берилет.

Мисалы: Энем кыйналып жатып, оо дүйнөгө узады.

Көп чекиттин ордуна ылайыгына жараша эвфемизм сөздөрдү же тескерисинче сылык сөздөрдүн ордуна одоно сөздөрдү жайгаштыргыла. Макалдардын одоно сөздөрдүн колдонулушуна көңүл бургула жана өз алдыңарча 5 макал таап бергиле.

1. Улуу Ата Мекендик согушта кыргыз элинен канчалаган жоокерлер... болушкан.
2. Чынары сынып калса да, ... өсөөр ал тайып.
3. Кыз ... энесин коркутат.
4. ... алсаң, отун ал .
5. Койлуу ... куйрук жейт,.. токмок жейт.
6. Барчылыкка дегинсиген экилүү ... Абысынын жекирип алды.
7. Калыстыгы жок бир... баарыбыздын бетибизге көө сыйпап жибергенине чыдабай адегенде аябай жинденди.
8. Маркум апамды ... үч жылга аяк басыптыр.
9. Көрдүңбү кичине бала ... кеткен адамдын керээзин угуу керек.

Сүйлөмдөрдү окуп чыгып эвфемизмдердин колдонулушуна көңүл бургула.

1) Адеп алган колуктусу жыл айланбай каза болду. Жаш бала кайра төшөк жаңыртыш үчүн колукту издеп чыккан кези (Т.Сыдыкбеков)
2) Сен ошентип жаздым болдуң, Жайнагым, кенжетайым жаш кеттин, элдин эсинде анча калган жоксун. (Ч. Айтматов)

Эвфемизмдерди катыштырып сүйлөм түзгүлө. Маанилерин чечмелеп бергиле.

Төрөдү//көз жарды, көзү өттү//оо дүйнөгө сапар алды.

Оозуна ак ит кирип, кара ит чыкты//урушчаак .

Бети ачыла элек кыз//турмушка чыгалек.

Жаман оору//рак ж.б. Сылтып баскан адам// буту ooруган адам.

Азиз киши//сокур.

Жок жерден көө сыйпоо//жалаа жабуу.

Апамды жашырдык//апамды койдук

Демек, эвфемизмдерди күнүмдүк турмушубузда кездештиребиз. Алар көркөм чыгармаларда түгөйлөр катары кеңири учурайт, структуралык жактан сөз түрүндө да учурайт жана алардын мааниси контекст аркылуу аныкталат. Биз эвфемизмдерди окуп үйрөнүүдө сөздүн күчүнө, кубатына маани беребиз. Канчалык көп колдонсок, элдин ички маданияты ошончолук жогору деп эсептелет.

Адабияттар

1. *Абдулдаев, Э. Азыркы кыргыз тили: Фонетика. Орфоэпия / Э. Абдулдаев. - Бишкек: Кыргызстан, 1998. 49-50 б.*
2. *Исаков, Б. Азыркы кыргыз тили / Б. Исаков. – Бишкек, 2015. - 35-б.*
3. *Үсөналиева, С. Кыргыз тилинин синонимдер сөздүгү / С. Үсөналиева. – Бишкек, 2014. – Б. 69-70.*
4. *Өмүралиев, Б. Кыргыз тилинин синтиксисин окутуу / Б. Өмүралиев, З. Жумакунова. – Фрунзе, 1979. – Б. 64-70.*